Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2013-жылдын 13-сентябрындагы
N 515 токтому менен
бекитилген

# Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө ТИПТҮҮ ЖОБО

Бул жобо "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан жана жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартибин жөнгө салат.

## 1. Жалпы жоболор

1. Келишим боюнча жайыт комитети жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун жайыт пайдалануучуга тиешелүү акы төлөнгөндөн кийин берет.

2. Жайыт ресурстарын башка максаттарга пайдалануу укугу үч жылдан ашык мөөнөткө берилген учурда ал укук милдеттүү мамлекеттик каттоодон өткөрүлүүгө тийиш.

3. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү ачык-айкындык, жалпыга жеткиликтүүлүк жана жайыт ресурстарын үзгүлтүксүз, сарамжалдуу, туруктуу пайдалануу принциптеринде жүргүзүлүшү керек.

4. Жеке жана юридикалык жактар жайыттарды төмөнкү максаттарга пайдалана алышат:

- эс алуу үчүн;

- жапайы өскөн мөмө, жемиш, козукарын, башка тамак-аш продуктуларын жеке пайдалануу максатында чогултуу;

- дарылык-техникалык чийки затты чогултуу жана бал аарычылык;

- маданий-ден соолукту чыңдоочу, туристтик жана спорттук иш-чараларга катышуу.

5. Жеке жана юридикалык жактардын жайыт участогунда болуусу, ошондой эле жапайы өскөн мөмө, жемиш, козукарын, башка тамак-аш продуктуларын, дарылык-техникалык чийки затты чогултуусу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитилген жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттык планга ылайык чектелиши мүмкүн.

## 2. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартиби

6. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү тиешелүү аймакта жашаган калктын кызыкчылыктарын эске алуу менен ачык-айкын жүргүзүлөт.

7. Тиешелүү аймакта жашаган калктын кызыкчылыктары жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдаланууга артыкчылыктуу укук берүү менен эске алынат.

8. Тиешелүү аймакта жашаган калк жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жалпы жыйынынын кароосуна жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун бул аймакта жашабаган адамдарга берүү, пайдалануунун кандайдыр бир түрү, көлөмү жөнүндө жана башка ушул сыяктуу маселелерди коюуга укуктуу.

## 3. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин формасы жана шарттары

9. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө типтүү келишим ушул жобонун тиркемесине ылайык жазуу жүзүндө түзүлөт.

10. Тараптар келишимдин бирден нускасын алышат. Келишимдин көчүрмөсү маалымат үчүн тиешелүү жергиликтүү мамлекеттик администрацияга жиберилет.

11. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин жазуу жүзүндөгү формасы сакталбаса келишим жараксыз деп эсептелет.

12. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимде төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:

а) келишимдин тараптары;

б) жайыт ресурстары пайдаланууга берилүүчү жер;

в) жайыт ресурстарын пайдалануунун түрлөрү;

г) берилүүчү жер участоктун аянты;

д) жайыт ресурстарын пайдалануунун мөөнөтү;

е) акынын өлчөмү жана аны төлөө тартиби;

ж) тараптардын укуктары жана милдеттери;

з) форс-мажордук жагдайлар;

и) келишимде көрсөтүлгөн милдеттенмелерди бузгандык үчүн жоопкерчилик.

13. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимге берилүүчү жер участогунун чек арасы жана аянты көрсөтүлгөн пландык-картографиялык материал тиркелет.

14. Көрсөтүлгөн шарттар жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин негизги шарттары болуп эсептелет. Келишимде тараптардын каалоосу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка шарттар да көрсөтүлүшү мүмкүн.

## 4. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү үчүн акы

15. Жайыттарды башка максаттарга пайдалануу үчүн акынын өлчөмү төмөнкүдөй аныкталат:

- иштин түрү жайыт кыртышын бузууга алып келген участоктордо - "Айыл чарба жерлерин айыл чарбалык эмес муктаждыктар үчүн алып коюуга байланыштуу айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркынын убактылуу нормативдерин бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 14-февралындагы N 66 токтому менен бекитилген айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркынын ченемдерине ылайык;

- иштин түрү мал жаюу менен байланышпаган, бирок жайыт кыртышын бузууга алып келбеген участоктордо - бул участокту мал жаюуга пайдалануу үчүн каралган акыга барабар өлчөмдө;

- иштин түрүндө мал жаюу мүмкүнчүлүгү каралган жана жайыт кыртышы бузулбаган участоктордо төлөм алынбайт жана келишим түзүлбөйт.

16. Табигый тоют жерлерин бөлүп берүүгө байланыштуу мал чарба продукцияларынын жоготууларынын ордун толтуруунун нормативдери Нвп = У х Ц формуласы боюнча аныкталат, мында Нвп - жоготуунун ордун толтуруунун нормативи, У - чабындынын же жайыттын геоботаникалык изилдөөнүн маалыматтары боюнча кургак заттагы түшүмдүүлүгү, Ц - ички рыноктогу аштык буудайды сатып алуу баасы.

17. Аарылардын чаңдантуусу аркылуу жайыттын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн бал челектерди бир айлык убакытка чейин жайгаштырууда акы алынбайт.

## 5. Жайыт пайдалануучунун укуктары жана милдеттери

18. Келишимге ылайык жайыт пайдалануучу төмөнкүлөргө укуктуу:

а) жайыт ресурстарын жайыттарды башка максаттарга пайдалануу жөнүндөгү келишимде аныкталган жерде жана көлөмдө пайдаланууга;

б) себилген жайыттар жана түп-тамырынан бери жакшыртылган жайыттарга таандык участокторду кошпогондо жайыт участокторунда курулуштук, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен убактылуу турак жайларды, өндүрүштүк жайларды, кампаларды жана башка курулмаларды белгиленген тартипте (жайыт комитетинин жазуу жүзүндөгү макулдугу боюнча) тургузууга жана курууга;

в) жайыт ресурстарын пайдаланууга байланыштуу чарбалык ишинин түрүн өз алдынча тандоого жана алынган продукцияны тескөөгө;

г) жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү келишимин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бузууга;

д) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана келишимдин шарттарына каршы келбеген башка укуктарды пайдаланууга.

19. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун алган жайыт пайдалануучу келишимдин мөөнөтү аяктагандан кийин, шарттары бирдей болгон жаны мөөнөткө келишим түзүүдө башка жактарга караганда артыкчылыктуу укукка ээ болот.

20. Жайыт пайдалануучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

а) жайыт ресурстарын жүргүзгөн ишинин натыйжасында жайыттын абалын жана экологиялык кырдаалды начарлатууга жол бербестен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү келишимине ылайык пайдаланууга;

б) жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү келишиминде белгиленген өлчөмдөрдө жана мөөнөттө акы төлөөгө;

в) жайыттарга таштандыларды таштабоого жана булгабоого, жайыттын жана малды сугаруучу жайлардын биологиялык жана химиялык булганышына жол бербөөгө;

г) башка жайыт пайдалануучулардын жана аймактары чектеш жер пайдалануучулардын кызыкчылыктарын бузбоого;

д) Кыргыз Республикасынын жер жана жаратылыш коргоо мыйзамдарын сактоого;

е) жайыттын пайдаланылышын мамлекеттик контролдоого тоскоолдуктарды жаратпоого;

ж) жайыт инфраструктурасынын объекттерин жана мал чарбасынын муктаждыктары үчүн пайдаланылуучу башка объекттерди эксплуатациялоонун шарттарын бузбоого.

## 6. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимди токтотуунун негиздери

21. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү келишими төмөнкүдөй учурларда токтотулат:

а) келишимдин мөөнөтү аяктаганда;

б) жайыт пайдалануучу жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдаланууга берилген укугунан баш тартканда;

в) жайыт пайдалануучу ишин токтоткондо;

г) тараптар келишимдин шарттарын жана өздөрүнүн милдеттерин аткарышпаса.

## 7. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин шарттарын өзгөртүүнүн тартиби

14. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү келишиминин шарттарын өзгөртүүгө төмөнкүдөй учурларда жол берилет:

а) жайыттын абалы өзгөргөндө (өрт, жер көчкү, жердин шамал жана суу эрозиясы, жер титирөө, суу ташкыны, жайыт участоктору зыянкечтердин жана илдеттердин натыйжасында бузулган учурларда);

б) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитилген жайытты башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттык планда белгиленген режими өзгөргөндө;

в) жайыт пайдалануучу жайыт ресурстарын пайдалануунун айрым түрлөрүн ишке ашыруудан баш тартканда.

## 8. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин шарттарын бузгандык үчүн жоопкерчилик жана талаш-тартыштарды кароо

23. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү келишиминин шарттарын аткарбаганы же тийиштүү түрдө аткарбаганы үчүн тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

24. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимди түзүүдө, аткарууда, өзгөртүүдө жана бузууда келип чыккан талаш-тартыштар сот тартибинде чечилет.

Жайыт ресурстарын мал жаюу<br>менен байланышпаган башка<br>максаттарга пайдалануу укугун<br>берүүнүн тартиби жөнүндө типтүү<br>жобого<br>тиркеме

## Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө ТИПТҮҮ КЕЛИШИМ

_______________ айыл (шаар) ____-жылдын "__" ____________

1. _____________ облусунун __________________ районунун ___________________ айыл аймагынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетинин атынан чыгуучу анын төрагасы ______________________________________ (аты-жөнү)

_____________ облусунун _______________ районунун ________________ айыл кеңешинин _____-жылдын "__" _____________ N __________ токтомунун негизинде мындан ары "Жайыт комитети" деп аталып, бир тараптан,

2. Экинчи тарабынан мындан ары "Жайыт пайдалануучу" деп аталган ______________________________________ (жеке жактын аты жөнү жана паспорттук маалыматтары, же юридикалык жактын реквизиттери жана анын ыйгарым укуктуу адамынын жеке маалыматтары) ______________________________________,

төмөнкүлөр тууралуу ушул келишимди түзүштү:

## 1. Келишимдин предмети жана суммасы

1.1. Жайыт комитети Жайыт пайдалануучуга ____-жылдын "__" ________ тартып ____-жылдын "__" _____________ чейинки мөөнөткө (5 жылга чейин) ___________________________ (участоктун, капчыгайдын номери, аталышы) участогундагы жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдаланууга укук берет:

________________________________ (пайдалануунун түрү жана көлөмү: бал челектерди жайгаштыруу, дарылык сырьену чогултуу, туризм, ж.б. көрсөтүү)

1.2. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу үчүн Жайыт пайдалануучу Жайыт комитетине ______________ облусунун ________________ районунун ______________ айыл кеңешинин ____-жылдын "__" ______ N ______ токтому менен белгиленген бааларга ылайык баардыгы болуп _______ сом суммасында акы төлөйт.

1.3. Жайыт пайдалануучу жайыт ресурстарын пайдалануу үчүн тиешелүү акы төлөгөндөн кийин Жайыт комитети ага Келишимдин көчүрмөсүн берет, анда жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануунун максаты жана көлөмү көрсөтүлөт. Жайыт пайдалануучу Келишимди жана ушул Келишимге ылайык алынган жайыт ресурстарын пайдаланууга укукту башка жакка өткөрүп берүүгө укугу жок.

## 2. Тараптардын укуктары жана милдеттери

2.1. Жайыт комитети төмөнкүлөргө укуктуу:

- жайыт пайдалануучуларга жайыт пайдалануунун, аны коргоонун жана жакшыртуунун алдыңкы ыкмаларын сунуштоого;

- мониторинг системасы аркылуу жайыт ресурстардын абалын жана пайдаланылышын контролдоого.

2.2. Жайыт комитети төмөнкүлөргө милдеттенет:

- ушул Келишимдин 1-пунктунда аталган максаттар үчүн жана көлөмдө жайыт ресурстарын пайдалануу укугун берүүгө;

- жайыт пайдалануучунун өз алдынча чарба жүргүзүүсү үчүн шарттарды түзүүгө.

2.3. Жайыт пайдалануучу төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чектөөлөргө жана нормаларга ылайык ушул Келишимдин 1-пунктунда көрсөтүлгөн максаттарда жана көлөмдөрдө жайыт ресурстарын пайдаланууга;

- себилген жайыттарга жана түп тамырынан бери жакшыртылган жайыттарга таандык участокторду кошпогондо жайыт участокторунда курулуштук, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (нормаларды, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен убактылуу турак жайларды, өндүрүштүк жайларды, кампаларды жана башка курулмаларды белгиленген тартипте (жайыт комитетинин жазуу жүзүндөгү макулдугу боюнча) тургузууга жана курууга.

2.4. Жайыт пайдалануучу төмөнкүлөргө милдеттенет:

- жайыт ресурстарын ушул Келишимдин 1-пунктунда көрсөтүлгөн максаттарда гана, өзүнүн ишинин натыйжасында жайыттын абалынын жана экологиялык кырдаалдын начарлашына жол бербестен пайдаланууга;

- жайыттарга таштандыларды таштабоого жана булгабоого, жайыттын жана малды сугаруучу жайлардын биологиялык жана химиялык булганышына жол бербөөгө;

- башка жайыт пайдалануучулардын жана аймактары чектеш жер пайдалануучулардын кызыкчылыктарын бузбоого;

- Кыргыз Республикасынын жер жана жаратылышты коргоо мыйзамдарын сактоого;

- жайыттын пайдаланылышын мамлекеттик контролдоого тоскоолдуктарды жаратпоого;

- мал чарбасынын муктаждыктары үчүн пайдаланылуучу объекттерди эксплуатациялоо шарттарын бузбоого ___________________________; (жайыт инфраструктурасын пайдалануу боюнча милдеттенмелер)

- өз убагында ____-жылдын "__" __________ чейин жайыт ресурстарын башка максаттарга пайдалануу үчүн баардыгы болуп _________________ (жазуу жүзүндө) сом суммасында акы төлөөгө.

Акы төлөө кечиктирилген учурда төлөнө элек суммадан ар бир кечиктирилген күн үчүн кошумча _________% үстөк төлөөгө;

- жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугунан баш тартуу ниети жөнүндө жайыт комитетке 30 күндөн кечиктирбей, мурдатан билдирүүгө.

## 3. Форс-мажордук жагдайлар

3.1. Форс-мажордук жагдайлар болгон учурда (жер титирөө, суу ташкыны, сел, жер көчкү, согуштук окуялар, табигый кырсыктар жана тараптардан көз каранды болбогон жагдайлар) тараптар жоопкерчиликтен болушпайт.

## 4. Корутунду жоболор

4.1. Келишим бирдей юридикалык күчкө ээ болгон эки нускада ар бир тарап үчүн бирден түзүлдү.

4.2. Бул Келишим тараптар кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет.

4.3. Бул Келишимдин шарттарынан келип чыгуучу баардык маселелер жана талаштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

Тараптардын бул Келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн ушул Келишимде каралбаган жоопкерчиликтери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык колдонулат.

4.4. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимди түзүүдө, аткарууда, өзгөртүүдө жана бузууда келип чыккан талаш-тартыштар сот тартибинде чечилет.

## 5. Тараптардын юридикалык дареги:

| Жайыт комитети: | Жайыт пайдалануучу: |
| --- | --- |
| Почталык дареги: | Почталык дареги: |
| ____________________________ | ____________________________ |
| Алыш-бериш эсеби N | Алыш-бериш эсеби N |
| ____________________________ | ____________________________ |
| Төрага: | Жетекчи: |
| ____________________________ | ____________________________ |
| (аты-жөнү) | (аты-жөнү) |
| ____________________________ | ____________________________ |
| (колу жана мөөрү) | (колу жана мөөрү) |